Баасы келишимдик баада

ЖАЛАЛ-АБАД АКК

Март 2020-жыл №3 (206)

Биздин сунуш - сизге киреше!

Белес

Жалал-Абад Айылдык Консультациялык кызматтын гезити

Көчөттөр бизде

ЖА АККда алма, шабдалы, кокон гилас, өрүк, курманын көчөттөрү сатылып жатат.

Алманын полукарлик көчөттөрү да бар.

Көчөттөрдүн көктөп кетишине кепилдик болот.

Аларды туура отургузуу үчүн кеңештер да берилет.

Чалыңыздар:
0770 03 01 02;
0704 03 01 02; 0772 550 102.

Дарегибиз:
Жалал-Абад шаары,
Курманбек көчөсү – 10.

Жамгыр, кар сууларын чогултуучу технологиялар

Бакма эне көчөт технологиясы жана жайгаштыруу схемасы

Кыскача баяндама

Бадалдуу, мал жана кой жеген көчөттөрдүн арасына, кыркылып кеткен көчөттөрдүн жанына жасалып, көчөт эгип өстүрүүдө колдонулат. Бадалдардын арасында нымдуулук жакшы сакталат жана эгилген көчөттөргө симбиоз болуп, өсүүсүнө шарт жаратат. Эгилген жаш көчөттү күндүн нурунан, шамалдан жана мал, кой эчкиден коргоп, энелик ролду аткарат. Бул технологияны 0-45% чейинки эңкейиши (уклону) бар адыр жерлерде колдонууга болот.

"Бакма эне көчөт" технологиясынын жасалышы

Мал, кой жеген жана кыркылган көчөттөрдүн түндүк тарабына, 50 см алыстыкта көчөт эгүүгө, узун туурасы 30-40 см, тереңдиги 40 см чуңкурча алынат. Шартка жараша алынган чуңкурчанын эки тарабына, адырдан агып түшкөн жамгыр кардын сууларын чогултууга, 2 метр узундукта мурутчалар жасалат.

Колдонуудагы кээ бир өзгөчүлүктөр

Бакма эне көчөт технологияларын жайгаштыруу - адыр жериндеги бадалдардын жыштыгына, эгиле турган көчөттүн түрлөрүнө карап бакма эне көчөт технологиясынын аралыктары эгилүүчү дарактын түрүнө жараша жайгаштырылат. Эгилген көчөттөрдү шалбаалардын арасына эгүүнүн артыкчылыгы жана тосмосу жок жерге киреше келтирүүчү бак-дарактарды өстүрсөңүз болот. Бул технологияга көбүнчө өсүмдүктөрдүн данегинен эгүү жакшы натыйжа берет.

Кыскача баяндама

Бул технология, адырларда, колоттордо, тегиз жана көчкү жүргөн кайракы жерлерде колдонулат. Чуңкурча технологиясын 5% чейинки эңкейиши (уклону) бар жана тегиз жерлерде колдонууга болот.

"Чуңкурча" технологиясынын жасалышы

Чуңкурчанын эки тарабына, адырдан агып түшкөн жамгыр кардын сууларын чогултууга, 2 метр узундукта мурутчаларды (жөөктөргө окшотуп) алынат. Чуңкурчанын узун туурасы 40х40 см, же диаметри 50 см айлана формасында жана тереңдиги 50 см казылып даярдалган жер.

Колдонуудагы кээ бир өзгөчөлүктөр

Чуңкурчанын аралыктары шахмат түрүндө жайгаштырылып, эгиле турган көчөттүн түрлөрүнө карап, чуңкурча аралыктары жайгаштырылат. Мистени– 4х5 метр, бадамды– 3х4 метр, жаңгакты– 8х8 метр, же 10х10 метр схемада жайгаштырууга болот.

Кыскача баяндама

Саман, бычан, козо пая жана дарактардан түшкөн жалбырактар менен эгилген көчөттөрдүн тамырын, топурак кыртышын, күн нурунан, шамалдан жана катуу жааган жаан-чачындан сактап нымдуулукту натыйжалуу пайдалануу болуп саналат.

Мульчалоонун түрлөрү

Пайдасы/Натыйжалары

Топуракта нымдуулукту сактайт, эгилген көчөттөрдүн тамырын күн нурунан жана шамалдан коргойт, абага болгон буулану азаят, жерге болгон инфильтрация азаят. Топурактын жуулуп кетүүсүн алдын алып, асылдуулугу жакшырып, отоо чөптөр аз болот. Топурактын структурасы жакшырып, пайдалуу микроорганизимдер көбөйөт.

Чыгымдар

Саман, бычан, козо пая жана дарактардан түшкөн жалбырактар сарпталып, кол эмгеги талап кылынат.

Заирбек ТӨРӨБЕКОВ,
ЖА АККнын облустук-эксперт адиси

2-бет
Жусайдын пайдасы

3-бет
Топурактын асылдуулугу

4-бет
Эмгекчил мырза Салижан

6-бет
Картошканы айдоо...

7-бет
Жайдары тоок...


Ден соолук бурчу

Жусайдын пайдасы

***Ж**усай адамдын кара күчүн чыңдайт. Анда белок, кант В жана С витамини өтө көп болот. Ашказандын иштөөсүн жакшыртат, терди жөнгө салат, зааранын жүрүшүн жакшыртат.*

Жусайдын табияты ысык болгондуктан ысыкчан адамдар көп жебөөсү керек.

Жусайды жалаң эле тамакка пайдаланбастан, анын тамыры, жалбырагы жана уруктары дары болуп эсептелинет.

Жусайдын даамы ачуураак, табияты кургак ысык, анын бышканынын табияты нымдуу ысык болот.

Жусайдын тамыры, жалбырагы, уругу ич өткөккө, боордун иштөө кызматына, адамды дүүлүктүрүү, жандандыруу, кубат берүү, сынгандан, чыккандан кийинки жарааттарга, ичегисине суук тийгендерге, кан түкүргөндөргө, мурундун каны токтобогондорго, көкүрөгү ооругандарга жана башка ушу сыяктуу көп ооруларга жардамы тиет.

Жусайдын уругу адамдын жүрөгүнүн иштешин жакшыртат, бел ооруну басат.

Жусайдын жардамы төмөнкүлөргө да пайдалуу:

Дем алуу органдар сезгенгенде эки баш жусайдын тамырын 250 г чылан (жийденин бир түрү) менен кошуп кайнатып, анан жусайдын тамырын алып таштап, суусун тундуруп алып пайдаланса жардам берет.

Жөтөлгөндө, түкүргөндө чыга турган какырыкты жок кылыш үчүн, 90 г жусайдын тамырын майдалап, чай менен ичсе пайдалуу.

Организмге кайсы витамин жетишсиз экенин кантип билсе болот?

Чың ден соолук бул – адамдын жаркылдаган жүзү. Эгерде келбетиңиз келишимдүү болуп турса, мунун өзү чоң жетишкендик. Бул жетишкендиктерге жетүү үчүн организмди керектүү витаминдүү тамак-аштар менен толуктап туруу керек.

Теринин кургашы

Эгерде териңиз кургап, түлөп жатса, анда сиздин организмиңизде Е витамини жетишсиз. Мындайда кадимки жаңгак, майлуу балык жана өсүмдүк майы кошулган тамактар жардам берет.

Чач жана тырмактын морт болушу (сынып калуусу).

Организмдеги В витамини жана кальцийдин жетишсиздиги чач менен тырмакты морт кылат. Тырмак ийилчек болуп сынат, ал эми чачтын сымбаттуулугу жоголуп, түшө баштайт.

Тиштин канап кетүүсү

С витаминин жетишсиздигинен улам тиштин буйлолору канайт. Аны алдын алуу үчүн пиязды, сарымсакты жана мөмөжемиштерди көбүрөөк жеш керек.

Уйкунун качуусу жана кыжырлануу

Организмде калий жана магнийдин азайып кетүүсүнөн улам, адамдан уйку качып, ачуулуу болуп калат. Андыктан организмди аталган заттар менен толуктаңыз. Алар өрүк какта жана кызылчада бар.

Чыканактын бүдүр болуп кетиши

Организмдеги С жана А витаминдеринин жетишсиздиги чыканактын терисинин бүдүр болуп кетишине алып келет. Бул витаминдер кызыл-саргылт түстөгү бардык мөмө-жемиштерде бар. Мисалы: сабиз, ашкабак, помидор, өрүк жана данексиз өрүк cактарда бар.

Эгерде ар дайым туздуу нерселерди жегиңиз келсе...

Туздуу тамак-аштарды талап кылган организмде кандайдыр бир инфекция болот. Же болбосо табарсыктын сезгенишинен улам адам туздуу тамак-ашка басым жасап калат.

Таттууларды жегиңиз келсе...

Эгерде канчалык көп жесеңиз дагы таттууларды кайра самай бере турган болсоңуз анда сөзсүз врачка кайрылыңыз, кандын курамындагы глюкозаны текшерүү керек. Таттууну көп жегенден ичеги-карын жабыркашы мүмкүн, андыктан маал-маалы менен азыраак бал менен ачуу кара шоколад жеп койсоңуз баары жакшы болот.

Кычкыл жегиңиз келсе...

Организмде өт жана боордун ылдам иштөөсү дайыма кычкыл тамак-аштарды кабыл алууну талап кылат. Андыктан күнүмдүк рационуңузга лимон менен клюкваны (түндүк тарапта жазда өсө турган кызыл жемиштүү өсүмдүк) кошуп койсоңуз пайдасы зор болот.

Ачуу жегиңиз келсе...

Ичеги-карындын иштешинин бузулушу, адамдын ачуу тамак-аштарды жешине түрткү болот. Мындайда күнүнө 1 литрден ашык суу ичип, организмди тазалап алуу кажет.

Деңиз тамак-аштарын жегиңиз келсе...

Дайыма деңиз тамак-аштарына тамшансаңыз, анда сиздин организмиңизге йод жетишпейт!

Буларды билүү абдан маанилүү.

Жүгөрүнүн агротехникасы

Жүгөрүдөн жогору түшүм алуу үчүн бул өсүмдүктү өстүрүүдө агротехникалык талаптарды кылдат сактоо талап кылынат.

Которуштуруп айдоодогу орду жана ал жерде мурда өскөн өсүмдүктөр

Мурда өскөн төмөнкү дан өсүмдүктөрү жүгөрүгө жагымдуу - буудай, арпа, кара буудай, сулу, көп жылдык чөптөрдөн - беде, эспарцет. Жүгөрүнү кант кызылчасынан кийин айдоого болбойт, анткени анын түшүмдүүлүгү 25%ке чейин төмөндөйт.

Жүгөрүнүн өзү бардык өсүмдүктөргө мыкты жол башчы, т.а. жүгөрүдөн кийин бардык өсүмдүктөрдү айдай берсе болот, айрыкча жүгөрү данынын катып келаткан фазасында данды силоско жыйнаган маалында жакшы.

Агротехниканы бекем сактоо шартында жүгөрүнү 2-3 жыл катары менен айдоого болот.

Жүгөрү айдоонун ошондой эле агротехникалык зор мааниси бар. Жогорку деңгээлдеги агротехникалык эрежелерди сактоодо ал талааларды отоо чөптөрдөн арылтып, дан өсүмдүктөрү, айрыкча буудай үчүн жакшы жол башчы болуп бере алат.

Жер кыртышын айдап-себүүгө даярдоо

Жүгөрү – жарыкты сүйгөн өсүмдүк. Ал күнү бою жакшы жарык менен камсыздоону талап кылат жана көлөкөнү көтөрө албайт, айрыкча өнүмдөрү жаңы өсүп чыккандан тарта 30-40 күн аралыгында көлөкөдө калбоосу шарт. Андыктан айдоону кароосуз таштап койсо же отоо чөп басып кетсе, өсүмдүктүн бою суналып өскөнү менен алсызданып калат. Отоо чөптөрдөн өз маалында арылтып туруу жана жүгөрү өсүмдүгүн чөнөктөрүндө суюлтуу - бул өсүмдүктүн түшүмүн жогорулатуучу агротехникалык маанилүү ыкмалардын бири.

Жүгөрү жер кыртышын аябай тандагандыгы менен айырмаланат, андыктан ага семиз жер кыртыштуу участокторду бөлүп берген оң. Бул өсүмдүк органикалык заттарга бай, суу-абаны жакшы өткөргөн топуракта жакшы өсүп жетилет. Алар үчүн жеңил жана орточо чополуу жана кумдуу топурактар ылайыктуу, ал эми кумдуу жана аябай оор ылайлуу чопо топурактуу жерлер анча жакшы болбойт.

Жүгөрү себиле турган жерди өтө кылдат даярдап алуу керек. Жерди айдоо алдында 1000 $м^3$/га нормасына чейин сугаруу сунушталат. Анткени бул жерди иштетүүнүн сапатын жакшыртып, топурактын нымдуулугун жогорулатат жана жүгөрүдөн мол түшүм алууга шарт түзөт.

Күз башталаарда эле жерди даярдоо иштерин жүргүзүү талапка ылайык, ал үчүн 25-30 см тереңдикте соко менен тоңдурма айдоо керек. Тоңдурма айдаар алдында ал жерде мурда айдалган өсүмдүктү жыйнап алгандан кийин ЛГД-10 жер жумшарткычы же БДТ-7 мала менен топуракты малалап алышат. Тоңдурма айдоону эрте, тереңирээк жүргүзүү керек. Айдоо бетинде отоо чөптөрдүн чыгышына жараша мала менен 1-2 культивациялоо талапка ылайык. Жаан-чачын жаагандан кийин топурактагы нымдуулукту сактоо жана талаанын үстүңкү катмарын бузу үчүн сөзсүз түрдө малалап алуу туура. Нымдуулук туруктуу сакталбаган жерлерде кышында талаалардагы карды, ал эми жазында эриген сууларды пайдаланышат.

Жүгөрү өсүмдүгүн себүү үчүн жазында жерди иштетүү башка эрте жазда эгиле турган дан өсүмдүктөрүн айдоо иштеринен кескин айырмаланып турат. Себүү алдында жерди иштетүү эрте жазда талааны малалоодон башталат. Ал үчүн жер түзөткүч жана салмактуу тиштери бар маланы пайдаланышат. Ошентип, эрте жаздагы тоңдурма айдоомалалоодон кийин себүү иштерине чейин узак убакыт кетет, ал ортодо бир нече ирет мала менен культивация жүргүзүлөт. Жерди иштетүүнүн тереңдиги урук себилген чуңкурдан ашпашы керек. Жаан-чачындуу аймактарда топурак катып калган учурларда тоңдурманы кайра айдап, дагы бир жолу малалап коюшат.

Үрөндү айдап-себүүгө даярдоо жана айдап-себүү

Үрөндү даярдоо. Жазында, болжол менен айдап-себүү иштерине эки жума калган маалда үрөндүк сотолордун абалын дагы бир ирет кылдат текшерип чыгып эң мыктыларын тандап алышат. Тажрыйбалуу фермерлер себүүгө мардектин ортоңку негизги бөлүгүн гана алышып, чокусун жана анын түп жагын 1-15 см кесип салышат. Анткени алардын сапаты төмөнүрөөк келет. Эгин бастырууну айдап-себүү иштеринен 7-10 күн мурда жүргүзүү кажет. Бастырылган уруктарды дан тазалоочу машиналар тазалашат.

Дандын өнүп кетүү процессин күчөтүү жана энергиясын көбөйтүү үчүн уруктарды жылуулук энергиясы менен жылытышат. Мардектерди кадимки эле вентиляциясы бар от жагылган имараттарда 25-35°С температурада кургатса болот. Ошондой эле үрөндү аба аркылуу жылуулук энергиясы менен жазгы күндүн нуруна жылытса да болот. Ал үчүн үрөндү брезентке 5-10 см катмарда 4-5 күнгө жайып коюу зарыл, (күнүнө 3-4 жолу которуштуруп туруу талапка ылайык). Имаратта же күндүн нуруна кургатылган үрөндөр жакшы өнүп чыгат жана өсүмдүктүн андан аркы өнүгүүсүнө, арбын түшүм алууга шарттайт.

Себүү. Жүгөрүнү себүү иштерин 6-8 см тереңдикке чейинки жер кыртышы 10-12°С температурага чейин жылып калганда башташат. Календардык мөөнөт апрелдин экинчи жарымынан 5-майга чейинки жаздын температуралык режимине жараша башталышы мүмкүн. Жер тиешелүү деңгээлге чейин жылый электе урук себилсе, ал эң эле жай өсүп, зыянга учурайт, көбү көгөрүп, чирип да кетиши толук мүмкүн. Ошол эле учурда айдап-себүү иштерин да кечиктирүүгө болбойт. Себүү иштери кечеңдесе, түштүк облустарда жазгы температура тез көтөрүлө баштаган маалда топурак катып кетип, өнүмдөр сейрек чыгып калат да түшүм кескин төмөндөшү ыктымал. Ал эми себүү иштерин кеч калтырганда түндүк аймактарда жүгөрү бышып жетилбей калат. Жүгөрүнү чаңчыл кара көсөө илдетинен сактоо үчүн жүгөрүнү себүү алдында 2.0-3.0л/т урук эсебинде Витавакс 200ФФ, Раксил, Фундазол ж.б. тазалап алуу керек.

Эгерде жүгөрүнү зым курттар баскан жерге сепсе, анда ал жерге тазаланган, кургак гана үрөндү себүү талап кылынат.

Жүгөрүнү пунктир түрүндө себүү жакшы натыйжа берет. Бул жүгөрүнү иштетүүдө ашыкча түйшүктөн арылтат жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатат. өсүмдүктүн оптималдык жыштыгы түшүм жыйналган маалда гектарына 70 миң баш. Мына ушул жыштыкты камсыздоо үчүн узундукту өлчөөчү метрге 6-7 дан себилет. Ал эми жыйым-терим маалында узундукту өлчөөчү метрге 5 өсүмдүктөн калтырышат. Жүгөрү себилгенден баштап шыпыргы байлаганга чейин жылуулукка муктаж. Бирок жогорку температураны жана аз нымдуулукту ал өнүмдөрү чыккандан баштап гүлдөгөн маалга чейин гана жакшы көтөрө алат.

ЖА АКК

Уландысы кийинки санда.

Топурактын асылдуулугун арттыруу маанилүү

ТОПУРАК – бул жердин үстүнкү, өсүмдүк өсүүчү катмары. Топурак минералдык заттардан турат. өсүмдүк дүйнөсү минералдык зат түрүндө топурак менен азыктанат.

Топурактын жаралуу процесси миллиондогон жылдарды түзүп эволюциялык доорлорду камтыйт.

Топурак жаралуу процессине карай төмөнкү түрлөргө бөлүнөт:

- **Кара топурак**
- **Күрөң топурак**
- **Боз топурак**
- **Кызыл топурак**

Топурак механикалык курамына карай төмөнкү түрлөргө бөлүнөт:

- **Кумдуу топурак**
- **Ылай (чополуу) топурак**
- **Кумдуу ылайлуу**

Топурактын механикалык түрүн талаа шартында аныктоо:

Бир ууч топуракты колго алып, ылай кылып аны тегеректе кылып жасоо керек, эгерде тегеректе үзүлбөй жасалса ылайлуу, үзүлүп жасалса кумдуу топурак болот.



Топурактын курамында органикалык чириндилердин камтылышы гумус деген түшүнүктү билдирет. Курамында канчалык гумус көп болсо, топурактын асылдуулугу жогору болот. Топурактын касиеттери да анын курамындагы гумустун камтылышына жараша болот.

Топурактын касиеттери: сууну өзүнө бат сиңирүүсү, сууну өзүнө көп кармоосу, борпоңдуулугу. Канчалык борпоң болсо, топуракка жеңил болот. Жеңил топурак эрте тапка келет.

Топурактын дагы бир касиети – кычкылдуулугу, шордуулугу. өсүмдүктүн жакшы өсүп, түшүмдүү болушу ушул касиетине тиешелүү. Эгер топурактын кычкылдуулугу РН-7 болсо нейтралдуу топурак болуп саналат, мында өсүмдүктөр жакшы өсөт. Эгер РН-7ден төмөн болсо кычкылдуу, жогору болсо шордуу болот.

Топурактын эрозиясы

Топурак көбүнчө туура эмес сугаруудан, топурак суу аркылуу сыртка агып чыгып, асылдуулугун жоготот. Ошондуктан эгиндердин сугаруу нормаларын билип, туура сугаруу зарыл.

Эгиндин түшүмдүүлүгү суу жетишпестиктен эле эмес, ашыкча сугаруудан да азаят.

Топурактын асылдуулугун жогорулатуунун жолдору:

- Которуштуруп айдоо;
- өзүнүн мөөнөтүндө туура агротехникалык иштерди жүргүзүү;
- Минералдык жана органикалык жер семирткичтерди өз өлчөмүндө туура колдонуу.

Жер семиткичтердин түрлөрү

Кайсыл гана өстүрүлүп жаткан өсүмдүк болбосун, жогорку жана сапаттуу түшүм алыш үчүн, алардыь азык-зат менен камсыз кылып туруу керек. өсүмдүктөр азык-затты негизинен топурактан алгандыктан, биринчи кезекте, өсүмдүк өсүп жаткан жерди, жер семиркичтер менен толуктап туруу зарыл.

Жер семиркичтер негизинен төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт:

- О**рганикалык** (бардык жаныбарлардын жана канаттуулардын кыктары);
- **Минералдык** (азот, фосфор, калий, кальций, темир, цинк ж.б.);
- **Сидералдык** (жашыл өсүмдүктөр жана тамыр калдыктары).

Төмөнкү таблицада жаныбарлардын түрүнө жараша, 1 кг кыктагы азык-заттардын саны проценттик катышта көрсөтүлгөн.

Минералдык жер семирткичтер жер кыртышына азот, фосфор, калий сыяктуу азык заттардын запасын толтуруу үчүн керектелет.

Жаныбарлар	N %	P_2O_5 %	K_2O %
Уй кыгы	0,5	0,3	0,6
Жылкы кыгы	0,6	0,3	0,6
Кой кыгы	0,8	0,3	0,8
Тоок кыгы	3,8	2,6	3,9

Органикалык жер семирткичтер (Кык) жердин гумустуулугун жогорулатып, зат алмашуу процессине активдүү катышкан микроорганизмдердин өрчүшүнө, жердин борпоң болушуна алып келет. Органикалык жер семирткичтердин курамында өсүмдүккө керектүү болгон элементтердин бардыгы камтылат: азот, фосфор, калий, кальций, темир, ошондой эле микроэлементтер: бор, молибден, цинк ж.б.

Органикалык жер семирткичтер жаныбарлардын жана канаттуулардын кыктары болуп эсептелгендиктен, алар ошол жаныбарлардын түрүнө жараша курамындагы азык-заттардын болушу бирдей эмес болот.

өсүмдүк өсүп-өнүгүүнүн ар кайсы этаптарында азыктандыруу элементтери ар кандай өлчөмдө пайдаланат.

АЗОТ– өсүмдүктүн үрөнү активдүү өнө баштагандан тартып алгачкы гүлдөрү калыптанганга чейин көбүрөөк керектелет.

ФОСФОР– өсүмдүккө өнүп чыгуу мезгилинде зарыл. Ал эми өсүмдүк бышууга даярдана баштаган кезде - **КАЛИЙ** зор роль ойнойт.

Минералдык заттарды биз жердин курамындагы азык-заттарды толуктап түрүш үчүн гана колдонобуз.

Жер семирткичтердин түлөрү	Азот- N %	Фосфор-P_2O_5 %	Калий-K_2O %
Селитра	34	-	-
Мочевина	46	-	-
Аммофос	10	40	-
Хлордуу калий	-	-	60

***Тойчубай МАМАТОВ,
ЖА АККнын агроном-консультанты***



ТУУРА СУГАРУУ

ТУУРА ЭМЕС СУГАРУУ

Топурактын нымдуулугун кантип аныктаса болот?

- **Бир ууч топуракты алаканга салып, тоголоктош керек. Колду бийик көтөрүп, топуракты жерге таштайбыз.**
- **Эгерде топурак бырпырап чачылып кетсе, топурактын нымдуулугу 70-80% түзөт.**
- **Тескерисинче, чаң чыкса – топурактын нымдуулугу аз.**
- **Топ этип жерге чачылбай түшсө – нымдуулук өтө көп.**

Дарактардагы хлороз

Бул инфекциялык эмес илдет. Илдеттин себептери: дарактарды өтө акиташталган топурактарда өстүрүү, темирдин, микроэлементтердин (магний жана марганец) жетишсиздиги, азоттук азыктануунун бузулушу, топуракта кычкылтектин жетишсиздиги.

Белгилери:

- Активдүү өсүү мезгилинде жалбырактар саргыч түсүндө хлороз болот.
- Чокудагы жалбырактардын агыш же саргыч болушу - темирдин жетишсиздиги. Көбүнчө тарамыштардын ортосу саргыч болот.
- Цинктин жетишсиздиги – розеткалуу болот (бутактардын өсүүсү). Ушундай жабыркоолорду вирустар да пайда кылат.
- Магнийдин же марганецтин жетишсиздиги - жалбырактардын ортосу тарамыштардын арасы саргыч болуп, жалбырактардын четтери жашыл бойдон калат.
- Бордун жетишсиздиги – мөмөнүн деформация болушу.
- Кальцийдин жетишсиздиги – мөмөнүн ичинде жана сыртында тактар болот.
- Топурактагы абанын жана азоттун жетишсиздигинен – жалбырактар жалпы саргаят.

Алдын алуу чаралары:

- Агротехниканы сактоо.
- Жай ичи дарактарды 2-3 жолу темир купоросу (0,5-0,7%) менен иштетүү.
- Дарактардын ортосунда чанактууларды эгүү.
- Марганцовканын мала кызыл эритмеси менен иштетүү.
- Магнийди кармап турган жер семирткичтерди чачуу.

Химикаттар.

Жер семирткичтерди чачуу же өсүмдүктөрдү жетишпеген элементтер менен кошумча азыктандыруу. Вегетация мезгилинде күрөң 0,3-0,5% же бор кислотасы, темирдин сульфаты 0,05-0,1%, кальцийдин хлордуу кычкылы 0,5%, цинктин күкүрттүү кычкылы 0,33%, менен жалбырактарды кошумча азыктандыруу керек.

Таң эрте үрөң-бараңда туруп, кеч күүгүмгө чейин тыным албастан иштен, иш арасында ден соолугуна да кам көрүүгө жетишкен ЖА АККнын мыкты прораб-адиси ЗАКИРОВ САЛИЖАН АБДИЛАТОВИЧ жөнүндө кеп кылабыз.

Эмгекчил мырза САЛИЖАН

Салижан мырза Жалал-Абад облусунун Ноокен районуна караштуу Коминтерн айылынын активист, үлгүлүү тургуну. Кесиби боюнча "Педагог куруучу", ошол эле учурда мыкты ширетүүчү, столяр-плотник, тажрыйбалуу дыйкан. Ал өзүнүн үйүндө бир топ жыл мурда күнөскана курган, анда жашылчаларды которуштуруп өстүрүп, тамчылатып сугарууну да биринчилерден болуп колдонуп, элге жайылткан адам.

Жубайы Бурмакан Качкынова экөө мээнеткеч, эмгекчил, ошол айылда элге аттын кашкасындай таанымал үй-бүлө. Учурда бул жубайлардын 2 күнөсканасы бар. Анда алар экзотикалык өсүмдүктөрдүн түрүн өстүрүшөт. Кызыгып сурап келген адамдарга бекер кеңешин айткандан тажашпайт. Дайыма эшиги эл үчүн ачык. Бурмакан эже гүлдөрдүн түрүн өстүрөт. Бул жумуштарынан сырткары Бурмакан эже ЖА АККда көп жылдан бери консультант болуп эмгектенип келет. Эже иштеген аймактарда ийгиликтер жаралбай койбойт.

Салижан аке – күнөскананын түрүн куруу боюнча мыкты адис. Ал Кыргызстандын бардык аймактарында жалпы 20 арочный, 140 ашуун (40 м^2) жөнөкөй, 20 күнөстүү, 40тан ашуун эки скаттуу күнөскана, 10 моделдүү, жылытуучу жабдыктары менен күнөсканаларды курган. Бул биз билген, долбоор алкагында кургандары гана. Күнөсканаларды куруу боюнча таанымал адис болгондуктан коңшу өзбекстанга чакыртылып, ал жакта да эксперттик жумуштарды аткарып келди. 1994-жылдан бери аба жолу аркылуу өсүмдүктөрдү улап өстүрүп келет.

Салижан акенин профессионалдык билим-шыктарын айтпай кетсек болбос:

- ▲Арочный, күнөстүү/кытай, жылытуучу системалары менен күнөсканалардын чиймесин түрдүү аянттарга ылайыктап, чийип, сметаларын чыгаруу боюнча мыкты адис;
- ▲1992-жылдан өзүнүн жашылча бакчасында 1 сотка аянтка күнөстүү/кытай тибиндеги күнөсканасына субтропикалык өсүмдүктөрдү, жашылчаларды өстүрүп келет;
- ▲Күнөсканаларда жана кайракы адырларда тамчылатып сугаруу сис-темасын эксплуатациялоо жана орнотуу боюнча практикалык тажрыйбасы мол;
- ▲Айыл чарба өсүмдүктөрүн обработкалоо ж.б. жумуштар үчүн механикалык жабдыктарды жасай алат (мисалы, мистени тазалоочу станок);
- ▲Ширетүүчү жумуштардын бардык түрүн билет;
- ▲Мебелдерди жасайт;
- ▲Күнөскана куруу жана анда жашылчаларды өстүрүү боюнча бир нече тренингдерди өткөргөн;
- ▲Айыл чарба инновацияларын жайылтуу, күнөскана куруу боюнча ЭлТР, ЖТР, КТРК, МИР24, Акипресс жана башка массалык маалымат каражаттарынан тынбай чыгып турат.

Жогоруда белгилеп кеткендей Салижан аке ден соолугуна да кам көрүүнү унутта калтырбайт. Ал киши дайыма бир формада, бир салмакта. Кичине толуп кете турган болсо, спорттук машыгуусун күчөтөт. Күндө эртең менен туруп жүгүрүп, физикалык көнүгүүлөрдү жасап, чийки суу ичет.

1 кыз 2 уулдун бактылуу атасы.

Насипа МАМАСАЛИЕВА

IFOAM ORGANICS INTERNATIONAL · БиоСервис · Жалал-Абад АКК

Туура тамактанууну жөнгө алуу боюнча «Тоолу Агро-экосистемаларда азыктанууну жакшыртуу» долбоорунун алкагында 25 айыл тургундары Айылда кызмат көрсөтүүчү болуп иш алып барып жатышат.
Алардын аракеттери менен бөлүшөбүз.

Туура тамактануу жайылтылууда

Айчүрөк эже Ноокен районунун Аримжан айылынын тургуну, кесиби мугалим.

Жашылча бакча көрктөнду

Зулпиева Айчүрөк эже, өзүнүн жашылча бакчасына жашылчаларды эгип койду. Алар: помидор, болгар калемпири, картошка, бадыраң ж.б. Аларды күн сайын карап, бир чөп калтырбай тазалап кароодо. Эженин айтымында жашылчаларды өстүрүп, өзү түзгөн группанын мүчөлөрүнө аларды өстүрүү, багуу, кароо боюнча маалымат берем дейт. Андан сырткары тамак-ашка жашылчалардын, көк чөптөрдүн таасири, аз кандуулуктун алдын алуудагы мааниси боюнча сабактарды өтүп бергенин айтты.

Касиет эже Базар-Коргон районунун Аук айылынын тургуну, кесиби мугалим.

Касиет эже, көп жылдан бери абышкасы менен биргеликте бал аарыларын багып, бал өндүрүп келет. Быйыл чакан долбоор жазып, өзүбүз багып жүргөн аарыларга караганда башка породадагы аарыларды алып, салыштырып бал өндүрсөк дейт. Эже бал өндүрүү менен гана алектенип тим болбостон, парниктерде жашылчалардын көчөттөрүн өстүрүп, сатып киреше табат.

"Жашым 65те, мындай иштер менен алектенүү бизге аябай жагат. Себеби тынбай кыймылдагандыктан буту-колубуз оорубай, шайдоот басабыз. Ар күн аарыларым, жашылчаларым менен сүйлөшөм, энергия алам" дейт эже.

Эже чакан долбоор жазып, сынакка катышып, 20 аялдан өз ара жардамдашуу топ түзүп, аларга туура жана түркүндөштүрүп тамактануу боюнча сабактарды өтүп келет.

Касиет эже айыл чарбасында көп тармактуу жумуштарды алып барат. Эженин өз колу менен жашылчалардын үрөнүн даярдап алаары жөнүндө кийинчерээк кеп кылабыз.

«Ырыскы» тобунун лидери Жунусова Зыйнат

2019-жылдын август айында Аксы районунун, Ак-Дебө айылындагы "Ырыскы" тобунун лидери Жунусова Зыйнат «Сүт багытындагы эчки багып, эчкинин сүтүн тамак-ашка пайдалануу» темасында долбоор жазып, Айылдык Кызмат Көрсөтүүчү болуп тандалып алынган. Азыркы күнгө чейин туура жана түркүндөштүрүп тамактанууну жергиликтүү элдерге жайылтууга салым кошуп келүүдө. Зыйнат эже жалпысынан 70 адамга туура тамактануу, сүт багытындагы эчкилерди багуу, эчкинин сүтүнүн пайдалуулугу боюнча окууларды өткөн.

«Туура тамактануу жакшы жашоого өбөлгө» демекчи мен үй-бүлөмдө сүттү тамак-ашка колдонуп жатам. Ошондой эле "Ырыскы" тобунун 2-3 мүчөсүн сүт менен камсыз кылдым. Сүттөн айран, йогурт жана блинчик жасап неберелериме берип жатам. Эчкиге кургак беде чөбүн, эки маал 300 граммдан жем берем» - дейт Зыйнат эже.

Долбоор «Тоолуу Агро-экосистемаларда азыктанууну жакшыртуу» долбоорунун «Патенциалды өнүктүрүү Программасы» алкагында, ЖА АКК тарабынан жүзөгө ашырылууда.

Туура тамактанып, ден соолукту чыңдоого багытталган маалымат алмашуу платформасы түзүлгөн. Ушул **http:maan.ifoam.bio** ссылка менен барып, платформага катталсаңыз, сиздер үчүн кызыктуу, пайдалуу маалыматтарга ээ болууга шарттар жаралган.

Өсүмдүктөрдү коргоо каражаттары

Урматтуу дыйкандар, эккен эгиндерди химиялык заттар менен уулабоо үчүн алдын ала биологиялык препараттарды колдонгонуңар жакшы болот. Биологиялык күрөшүү жүргүзбөй калып, күчөп кеткен учурда гана химиялык дары-дармектерди аргасыз колдонууга туура келсе, анда төмөнкүдөй дозада колдонууну сунуштайбыз.

ПЕСТИЦИДДЕР – булар уулу (биоциддүү) касиети бар химиялык препараттар. Бул сөз латын тилинен «пестис»-жугуштуу нерсе жана «цидо» - өлтүрөм деген сөздөрүнөн келип чыккан. Пестициддер эмнеге каршы колдонулушуна жараша, бир нече класстарга бөлүнөт: ***Алар:***

- **Инсектициддер жана акарициддер**– зыяндуу курт-кумурскаларга жана кенелерге каршы колдонулуучу препараттар.
- **Фунгициддер**– өсүмдүктөрдүн илдеттери менен күрөшүүгө пайдаланылат
- **Гербициддер**– отоо чөптөргө каршы колдонулат.

Буларды өтө зарыл болгон учурда өсүмдүктөрдү коргоонун башка (агротехникалык, биологиялык жана механикалык) ыкмалары менен бирге колдонуу зарыл.

Инсектициддер – зыянкеч курт-кумурскаларга каршы колдонулуучу химиялык препараттар.

Инсектициддерди таасир этүү мүнөзү боюнча контактык жана системалык деп бөлүшөт.

Контактык инсектициддер– булар зыяндуу объектер менен контакт болгондо таасир этүүчү препараттар.

Системалык инсектициддер – бул өсүмдүктүн түтүкчө системасына жана ткандарына кирип, зыянкечтер азыктанып жаткан учурда аларга таасир этет.

Препараттар курт-кумурскаларга төмөндөгүдөй жол менен киришет:

- Контактык препараттар – зыянкечтердин денесинин териси аркылуу
- Ичеги аркылуу таасир этүүчү препараттар – зыянкеч тамактанып жаткан учурда
- Фумиганттар – дем алган учурда (аба аркылуу).

ДЕЦИС– зыянкечтерге ичеги-контакттык мүнөздө таасир этүүчү препарат.

Өндүргөн өлкө: Германия.

Өсүмдүк	Зыянкеч	Нормасы, л/га
Дан өсүмдүктөрү	Данчыл өсүмдүк бити, нан сүлүгү, нан мителери, данчыл дуулдак.	0,25
Капуста	Капуста ак көпөлөгү, үкүчөлөр, капуста күбөсү, өсүмдүк бити, бүргөлөр	0,3
Картошка	Колорадо коңузу	0,15
Томат	Кемирүүчү үкүчөлөр, колорадо коңузу	0,25-0,5
Бак-дарактарга	Алма мөмө жегич, жалбырак орогучтар, өсүмдүк бити, шире соргуч биттер, мөмө кенелери	0,5-1,0
Беде	Кантала, чөп биттери, узун тумшуктар.	0,5-1,0
Дан сакталуучу кампалар	Кампа зыянкечтери	0,2-0,4 мл/м2

НУРЕЛЛ-Д – Вегетациялык мезгилде зыянкечтерге ичеги-контакттык мүнөздө таасир этүүчү препарат.

Өндүргөн өлкө: Швейцария.

Өсүмдүк	Зыянкеч	Нормасы, л/га
Пахта	Чөп биттери, колорадо коңузу, кемирүүчү үкүчөлөр, алма мөмө жегичи, жалбырак орогучтар, шире соргучтар, чегирткелер, картошканын алтын түстүү курту.	1,5
Бак-дарактар		1,5
Жашылчалар		0,5-1
Зыянкеч чегирткелер көп кездешкен аянттар.		0,1-0,2

ЭНЖИО– Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн көпчүлүк түрлөрүн зыяндоочу зыянкечтерге каршы колдонулуучу ичеги-контакттык мүнөздө таасир этүүчү препарат.

Өндүргөн өлкө: Швейцария

Өсүмдүк	Зыянкеч	Нормасы, л/га
Буудай,	Данчыл өсүмдүк бити, буудай трипси, дан бүргөчөлөрү	0,1-0,15
Жаздык арпа	Данчыл дуулдак, данчыл үкүчө, нан мителери	0,15
Пахта	Косек курту, өсүмдүк бити, трипстер, желе кенеси	0,2-0,25
Пияз, томат, капуста	Трипстер, пияз чымыны, капуста көпөлөгү, кенелер	0,2-0,25
Картошка, нокот, кант кызылчасы	Зыянкечтердин бардык түрлөрү	0,1

ЗЫЯНКЕЧ КУРТ-КУМУРСКАЛАРДЫН СҮРӨТТӨРҮ КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА АТАЛЫШТАРЫ МЕНЕН:

Дан үкүчөсү- злаковая совка

Данчыл өсүмдүк бити – злаковая тля

Данчыл дуулдак – вредная черепашка

Алма мөмө жегичи – яблонная плодожерка

Мөмө кенеси – плодовые клещи

Шире соргуч биттер- яблонная тля

Желе кенеси – паутинный клещ

Пияз чымыны- луковая муха

Өсүмдүк бити - тля

Косек курту - хлопковая совка

Картошканын алтын түстүү курту – золотистая нематода

ГЕРБИЦИДДЕР - ОТОО ЧӨПТӨРГӨ КАРШЫ КОЛДОНУЛУУЧУ ХИМИЯЛЫК ПРЕПАРАТТАР

ДЕЗОРМОН ЭФИР– Дан өсүмдүктөрү жана жүгөрү өстүрүлүүчү аянттарда, жер бетине өсүп чыккандан кийин жазы жалбырактуу отоо чөптөргө системалык мүнөздө таасир этүүчү химиялык дары.

Өндүргөн өлкө: Австрия

Өсүмдүк	Отоо чөп	Нормасы, л/га
Буудай: күздүк жана жаздык Арпа: күздүк жана жаздык	Бир жылдык жана көп жылдык жазы жалбырактуу отоо чөптөр	0,6-0,8
Жүгөрү		0,7-1,0

ДЕЗОРМОН– Дан өсүмдүктөрүн (буудай, арпа, жүгөрү, таруу, кара шибер-сорго) коргоо үчүн өсүмдүк өсүп чыккандан кийин системалык мүнөздө таасир этүүчү химиялык дары.

Өндүргөн өлкө: Австрия.

Өсүмдүк	Отоо чөп	Нормасы, л/га
Буудай: күздүк жана жаздык Арпа: күздүк жана жаздык, сулу	Бир жылдык жана көп жылдык жазы жалбырактуу отоо чөптөр.	0,7-1,0
Жүгөрү		1,0-1,2

РЕЙНБОУ– Күрүчтү өстүрүүдө дан жалбырактуу, жазы жалбырактуу жана сазда өсүүчү отоо чөптөр менен күрөшүүдө системалык мүнөздө таасир этүүчү химиялык дары.

Өндүргөн өлкө: Швейцария.

Өсүмдүк	Отоо чөп	Нормасы, л/га
Күрүч	Бир жылдык (кара сулу) жана көп жылдык (ак кылкан-пырей ползучий, ажырык-свинорой), дан өсүмдүктөрү жана камыш.	1,0-1,4

ФЮЗИЛАД ФОРТЕ – Жазы жалбырактуу айыл чарба өсүмдүктөрүн, бир жана көп жылдык дан жалбырактуу отоо чөптөрдөн коргоо үчүн системалык мүнөздө таасир этүүчү химиялык дары.

Өндүргөн өлкө: Швейцария.

Өсүмдүк	Отоо чөп	Нормасы, л/га
Картошка, пияз, пахта, күн карама, соя, кант кызылчасы, рапс, жашылчалар.	Бир жылдык дан өсүмдүктөрү	0,75-1,0
	Көп жылдык дан өсүмдүктөрү, алардын ичинен ак кылкан – пырей ползучий.	1,0-2,0

ЖА АКК

Картошканы айдоо үчүн топуракты даярдоо

Картошка – бул күн жарыгын сүйгөн өсүмдүк. Көлөкөдө отургузулган картошканын түшүмдүүлүгү төмөн болот. Картошкадан эң жогору түшүм алуу үчүн, аны мурунку жылы беде өңдүү көп жылдык өсүмдүк, же күздүк буудай, бадырaң, же капуста эгилген жерге айдоо туура. Картошка менен помидорду которуштуруп айдаганга болбойт, анткени бул өсүмдүктөр бир эле ботаникалык топко таандык. Картошканы помидор менен которуштуруп айдоо, же болбосо картошканы которуштурбастан бир нече жыл бою бир эле жерге айдоо – ал жердин топурагында оорулардын, айрыкча фитофтороз оорусунун мите козу карындарынын пайда болушуна алып келет.

Топуракты даярдоону картошканы эгүүдөн төрт-алты жума мурда баштоо керек, анткени ал жерде буга чейин өскөн өсүмдүктүн калдыктары топурактын астына көмүлүп, картошканы отургузгуча чирип калышы керек. Бул болсо, өсүп жаткан жашылчага керектүү болгон топурактын нымдуулугун камсыз кылат. Ал эми эгерде жашылча бакча органикалык заттар менен камсыз кылынбаса, андагы топуракты жана картошканы сугаруу натыйжа бербейт.

Картошка өстүрүлүүчү топурак борпоң болушу керек, анткени борпоң топурак картошканын тамырларынын топуракка терең өсүшүнө шарт түзөт. Катуу, тапталган топурак картошка өстүрүүгө жарабайт. Мындай жерге колдон келишинче көбүрөөк органикалык заттарды пайдалануу туура. Борпоң кумдуу жер, картошканын оңой өсүүсүнө шарт түзөт, бирок топурак өтө эле кумдуу келсе болбойт.

АЙДОО

Суукка үшүбөс үчүн эгүү маалын аныктап алуу керек. Жогоруда айтылгандай үрөн картошкасын отургузуу үчүн топурактын температурасы жок дегенде 6ºС, же андан жогорураак болушу керек. Топурактын температурасы 6ºС болгонун чөп чыга баштагандан билсе да болот. Жаңы картошка өсүмдүгүн жазгы суукка үшүтүп албоого аракет кылуу зарыл.

Үрөн картошкасын отургузууда, биринчи, жөөк казып алып, үрөн 5-10 сантиметр тереңдикте көмүлө тургандай отургузуу керек. Бир жөөктөгү үрөн картошкалардын аралыгы 20 см, ал эми жөөктөрдүн аралыгы 60 см алыстыкта болушу керек.

Адатта жердин бетине жалбырактар өсүп чыкмайынча эгилген картошканы сугарбоо туура. Көп сугаруу, картошканын үрөндөрүнүн чирип кетишине алып келиши мүмкүн.

Картошканы эгүү боюнча агрономдон же адистен кеңеш алуу өтө маанилүү. Анткени ар бир жердин өзүнүн өзгөчө шарттары бар жана ошого жараша эгүү технологиясынын атайын эрежелери болот. Бул эрежелерди сактоо – мол түшүм алууга шарт түзөт.

ЖА АКК

«Менин кирешелүү чарбам» китебинен.

ФАРШТАЛГАН КАРТОШКА

Керектелүүчү азыктар:

Эт туурамжысы – 400 грамм.
Картошка – 4 даана.
Пияз – 2 даана.
Болгар калемпири – 4 даана.
Сабиз – 1 даана.
Сарымсак – 2 тишче.
Укроп, петрушка – 1 боочо.
өсүмдүк майы – 3 аш кашык.
Татымына жараша – туз.

Даярдоо ыкмасы:

1. Этти, пиязды жана сарымсакты эт туурагычтан өткөрөбүз. Булардын соңунан сабизди өткөрүп койсок, эт туурагычка жабышкан эттин калдыктарын тазалап чыгарып салат.

2. Эми аш көк менен петрушканы майда турап, эт жана жашылчалардан даярдалган туурамжыга кошуп, татымына жараша туз, кара мурч салып аралаштырабыз.

3. Аарчылган картошканы жууп, анын ортосун атайын ашкана аспабынын же болбосо ичке учтуу бычактын жардамы менен оюп алабыз.

4. Оюлган картошканы жана болгар калемпирин туурамжы менен толтурабыз.

5. Казанга өсүмдүк майын куюп, ага пиязды жана сабизди кууруп, томат кошобуз. Кычкылдуулугу көп билинбесин десеңиз, 1 чай кашык кумшекер кошуп койсоңуз болот. Кууруп, суудан куябыз да, ага туурамжы толтурулган болгар калемпирин жана картошканы салып, жай отто бышканга чейин, болжол менен 30 мүнөттөй бышырабыз. Бул тамакты сууга бышырылган күрүч, гречка же макарон менен дасторконго койсоңуз болот.

Күрөшүүнүн элдик ыкмасын тандайсызбы же…

Ар бир фермер өзүнүн жашылча бакчасын зыянкечтерден коргоону көздөп, түрдүү химиялык дарыларды колдонуп келет. Натыйжада биз суперактивдүү ар кандай дарыларга туруктуу келген зыянкечтерди өзүбүз көбөйтүп алабыз. Дарыларды качан гана бул зыянкечтер көбөйүп кеткенде колдонуу сунушталат. Бул абалга жеткирбеш үчүн жашылчаларды өстүрүүнүн агротехникаларын туура колдонуу зарыл, алар: которуштуруп айдоо, мульчалоо, органикалык заттарды колдонуу ж.б.

Күрөшүүнүн элдик ыкмалары

Мында сиз дары колдонгон акыбалга дуушар болбойсуз! Бул ыкмаларды кошуналарыңыз менен биргеликте аткарсаңыз, натыйжалуу болот!

- ***Жөргөмүш кенеси жана битке каршы сарымсак тундурмасы***

Бул тундурманы даярдоодо 3 баш чоң көлөмдөгү сарымсакты майдалап, ага 0,5 литр арак куюлат, 7 күн караңгы жерге коюлат, андан кийин марли менен сүзүлөт. Даяр болгон 1-2 кашык тундурманы 1 литр сууга 1 чай кашык самын кошуп аралаштырылып, чачылат.

- ***Фитофторозго каршы тундурма***

Помидордун фитофторозуна каршы сарымсак менен марганцовканын аралашмасынан даярдалган тундурманы колдонсо болот. Ал үчүн 1,5 стакан майдаланган сарымсак менен 1,5 грамм марганцовканы 10 литр сууга аралаштыруу керек. Тундурма помидордун көчөтү талаага отургузулгандан 2 жума өткөндөн кийин чачылат. Андан кийин он күн өткөрүп, кайра чачуу керек. Ушундай жол менен ар он күн сайын 5 жолу кайталап чачуу жакшы натыйжа берет.

- ***Битке каршы тамеки күкүмүн колдонуу***

Мында 1 кг тамеки күкүмүнө 10 литр суу куюлат. 2-3 күн уютулуп, андан кийин марли менен чыпкаланат. Аралашманы өсүмдүктөргө чачуунун алдында 30 литр сууга аралаштырып, 1 литр суу үчүн 4 грамм самын кошулат.

- ***Коңшулаштырып отургузуу же жуп өсүмдүктөр***

Жашылча бакчасында өсүмдүктөрдүн түрүн аралаштырып отургузуу зыянкечтердин таасирин азайтат. Укропту капуста менен отургузса капуста курту (гусеница) азаят. Пиязды сабиз менен бирге отургузса, сабиз чымыны азаят, сарымсакка зыянкечтер жолобойт.

- ***Зыянкечтерге каршы кызыл ачуу калемпир***

Мындай тундурманы даярдоодо 0,5 литр аракка ачуу кызыл калемпирдин 30 гр майдаланган уну кошулуп, 1 күн уютулуп коюлат.

КОЛОРАДО КОҢУЗУНА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ







Чачуунун астында 1 литр сууга 1-2 чай кашык аралашманы жана 4 гр самындын эзилмесин кошуп чачыңыз.

Жогорудагы ыкмалардын түрү көп, аларды колдонбой койсок, зыянкечтер көбөйүп кетип, химиялык дарыларды колдонууга туура келет.

ЭСКЕРТҮҮ:

Жогоруда даярдалган аралашмаларды даяр болоор замат пайдалануу максатка ылайык. Суюктукту өсүү фазасына жараша 1 га аянтка 200-400 литр керектелет.

Бул ыкмалардын бардыгы зыянсыз, адам ден соолугу үчүн коопсуз. Ошондуктан бул ыкмаларды кошуналарыңызга да айтып, алар менен биргеликте жасасаңыз натыйжалуу да, пайдалуу да болот!

ЖА АКК

Жайдары тоок бакканга жетпейт

ЖӨЖӨ БАСТЫРЫП ЧЫГАРУУНУН ЖОЛДОРУ

Жөжө бастырып чыгаруунун эки ыкмасы бар:

1) **жумуртканы күрп мекиянга бастыруу,**
2) **инкубатордо жасалма жол менен бастыруу.**

Жумуртка багытындагы тооктун тукумдары жөжө басып чыгарууга жөндөмдүү эмес!

Күрп мекиянга бастыруу үчүн тандалган жумурткаларды алдын ала чогултуп, тоокко бастыруу керек.

Бул жол менен бастыруунун жакшы жагы – адамдын убактысы аз сарпталат. Жөжөлөрдү кароо, аларга жем таап берүү, суук мезгилде жылытуу иштерин мекиян өзү аткарат.

➤Бул ыкманы колдонуп, тооктун жумурткаларын индюктарга бастырса болот. Ошондуктан аны эл ичинде **«биологиялык инкубатор»** деп атап коюшат.

➤Бул ыкманын терс жагы да бар. Күрп мекиян негизинен жумуртканы жаз мезгилинде гана басып чыгарат, б.а. биз каалаган мезгилде жөжө бастырып чыгара албайбыз. Ал эми күрп болгон мекиян 2-3 айга жумуртка берүүсүн токтотот.

➤Тооктун күрп болуусун тездетүү максатында тоокторго өзгөчө жаз айларында өнгөн буудай, жүгөрү, арпа жана ачытқы беришет.

➤Жасалма жол менен бастырууга инкубатор жана адамдын кийлигишүүсү талап кылынат. Бул ыкманын жакшы жагы каалаган учурда каалаган санда жөжө бастырып чыгарууга болот. Ошондой эле инкубаторлордун ар кандай түрлөрү бар (жылуулукту электр энергиясынан, суудан, шам чырактан ж.б. алган инкубаторлор).

➤Жасалма жол менен бастыруу ыкмасынын терс жагы – ал адам күчүн көп талап кылат. Инкубатордун иштөө шартын адам үзгүлтүксүз көзөмөлдөп туруу керек. Андан тышкары инкубатордун иштеши жылуулуктан жана нымдуулуктан күнү-түнү көз каранды.

ЖӨЖӨЛӨРДҮ БАГУУ ШАРТТАРЫ

Жөжөлөрдүн башын толук сактап калуу алардын багуу шарттарынан түздөн-түз көз каранды. Багуу шарттарына төмөнкүлөр кирет:

1) **жөжөлөр туруучу жай;**
2) **жылуулук жана жарык;**
3) **тоют жана тоюттандыруу;**
4) **ооруларды алдын алуу иш-чаралары.**

Жөжөлөрдү күрп тоок басып чыгарса, жөжөлөр туруучу жай жана жылуулук менен камсыз кылуу талаптары чечилет. Ал эми инкубатордон чыккан «жетим» жөжөлөрдү багуу бир аз кыйынчылыкты жана убаракерчиликти талап кылат жана алар жөнүндө төмөндө кеңири жазылган.

ЖӨЖӨЛӨР ТУРУУЧУ ЖАЙ

Жумурткадан чыккан жөжөлөрдү биринчи күндөрү бийиктиги 40-60 см болгон ар кандай кагаз коробкаларды, жыгач ящиктерди пайдаланса болот. Ящиктердин ичи таза аба менен алмашып туруу максатында алардын капталында жөжөлөрдүн башы батпагандай тешиктер болушу керек. Бул жаш жөжөлөрдүн дем алуусун жакшыртат. Коробканын 1 $м^2$ аянтына бир күндүк 30-35 баш жөжөлөр туура келиши керек. Жөжөлөр улам чоңойгон сайын аянтты чоңойтуу зарыл. Эгерде жөжөлөрдү багуучу жай тар болуп калса, жөжөлөр бири-бирин чокуп ташташат жана алардын чоңоюп жетилиши начар болуп калат.

ЖА АКК

Дени сак жөжөнү кантип тандаса болот?



Бир суткалык жөжөнү сатып алууда, анын дени сак экендигин билүү үчүн сиздерге кеңеш беребиз.

1) Бирден бир фактор бул жөжөнүн сырткы көрүнүшү. Эгер ал дени сак болсо кыймылы активдүү болот жана ар кандай добуштарга жооп кайтарат. Аны текшерип көрүш үчүн төмөнкү ыкманы колдонуңуз. Бир нече жөжөнү кагаз кутуга салып (коробкага), анын сыртынан 1-2 жолу чертип, байкап туруңуз. Мында дени сак жөжөлөр ошол добуш чыккан жакка умтулушат, демек алар **«дени сак»** жөжөлөр.

2) Тумшуктары менен манжалары ачык мала кызыл түстө болот. Ичи жумшак, төш сөөгү узун жана катуу келет. Мамык жүндөрү жумшак жана тегиз жайгашкан болот. Канаттары денесине кыналып жайгашып, бутуна тың туруп башын койкойтуп активдүү кыймылда болуп турат. Жем таштаганда жемге умтулуп жеп, же болбосо таңыркап караган абалда болушу керек.

ЖА АКК

Шарп өтө коркунучтуу вирустуу ылаң

ШАРП – өтө коркунучтуу, курч өтүүчү ача туяктуу жаныбарлардын вирустуу ылаңы. Ылаң калтыратмага чалдыктырат жана ооздун былжыр челин, желиндин жана буттардын терисин ооруга дуушар кылышы менен мүнөздөлөт.

ЫЛАҢДАТКЫЧЫ:

Шарпты козгоочу вирустардын иммунологиялык касиеттери боюнча бири-биринен айырмаланган 7 тиби белгилүү.

Шарп оорусу айлана-чөйрөнүн ыңгайсыз шарттарынын таасирлерине өтө туруктуу келет. Мал сарайларда 17-30 күнгө, күзүндө жыйылган чөптө жазга чейин, тонгон кыкта 156-168 күнгө чейин ылаң козголуучу жөндөмдүүлүгүн сактайт. Ылаңдаган койдон кыркылып алынган жүндө 50 күнгө чейин жугуштуулугун жоготпойт.

ЭПИЗООТОЛОГИЯСЫ:

Шарп менен жашына карабастан көбүнчө бодо мал, койэчкилер жана жапайы ача туяктуулар жабыр тартышат. Ылаң тел арасында өтө оор өтүп, чыгаша көп болот. Кыргызстандын шартында шарп ылаңы адегенде бодо малдан башталып, андан кийин кой-эчкилерге жугат.

Ылаңдын жугуучу негизги булагы – **бул ылаңдаган мал**. Бирок сырткы чөйрөгө ооздо жана башка жеринде пайда болгон ыйлакчалардын сары суусу, сүтү, сийдиги менен бөлүнүп, жемчөптү, төшөлгүнү, шаймандарды, фермерлердин кийим-кечелерин булгап, анын кеңири тарап кетишине шарт түзөт.

КЛИНИКАСЫ:

Ылаңдын букма мезгили 2-7 күнгө созулат, кээде 21 күнгө чейин жетиши мүмкүн. Бардык малдарда оорунун клиникалык белгилери бирдей болот. Ылаң өтө тез өөрчүйт. Дарттуу малдын денесинин жалпы температурасы 40^{0}С ка чейин көтөрүлөт, шайы бошоп, тоют жебейт. Дарттанган жерлеринде ыйлакчалар пайда болгондон кийин температурасы алгачкы калыбына келет.

Өзгөчө уйларда шарп башка малдардан айырмаланып өтөт. Биринчиден, ооздун былжыр челинде андан кийин желинде, муундарында жана салаларында ыйлакчалар пайда болот, оозунан шилекейи чубуруп агат. Ылаңдаган саан уйлардын желини дээрлик жараланат, сүтү азаят. Боoз уйлар ылаңдаса, көпчүлүгү музоо салат. Бодо малда шарп ырбаак, же ырбаак эмес формада өтөт. Ылаң ырбап өткөндө дартка чалдыккан музоолордун, торпоктордун көпчүлүгү өлүмгө учурайт. Ырбаак эмес формасында өткөндө ылаңдаган мал тез эле айыгып кетет.

Диагнозу:

Шарп ылаңын өз убагында байкап, тезинен диагноз коюу чоң мааниге ээ. Анткени бул ылаң өтө жугуштуу болгондуктан тезинен көп малга жугуп, кеңири тароо коркунучун туудурат. Ылаңдын диагнозу клиникалык жана эпизоотологиялык маалыматтардын негизинде коюлуп, лабораториялык изилдөөлөр менен ырасталат.

Иммунитет:

Шарпка каршы бир нече вакцина колдонулат. Аларды вирусту козгогон тиби аныкталгандан кийин гана колдонууга болот. Ошого жараша вирустун бир тибине каршы даярдалган вакцина колдонулат. Вакцинаны теринин алдына куят. Иммунитет 2-3 жумадан кийин пайда болуп, 6 айга чейин созулат.

Алдын алуу:

Шарптын кеңири тарап кетишине жол бербөө үчүн биринчи эле ылаңдаган малды өз убагында аныктоо керек. Шарп ылаңы аныкталаар замат чарбага карантин жарыяланат. Карантиндин убагында башка жакка мал чыгарууга, мал алып келүүгө тыюу салынат.

Шарп чыккан чарбага келүүчү жолдорду бекитип, айланып өтүүчү жолдорду белгилейт. Чарбадан бардык ылаңдаган мал өзүнчө топко бөлүнүп, дарылоого алынат. Алар менен иштеген жумушчулар ветеринардык кызматкерлер, халаттар, бут кийимдер жана керектүү дарылар менен толук камсыз болууга тийиш.

Ылаңдуу пункттан карантинди бардык ылаңдаган мал толук айыккандан же союлуп жок болгондон 21 күн өткөндөн кийин гана алат.

Бахтияр НЕМАТИЛЛЕВ,
ЖА АККнын ветеринар-консультанты

Программа софинансируется Европейским Союзом

германия кызматташтыгы DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Исполнитель: giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

Система технологии нулевой обработки почвы

Данная система технологии нулевой обработки почвы (ТНОП), с прямым высевом и регулировкой остатков урожая, была представлена Национальным Институтом Агрономических Исследований (НИАИ) города Сеттат, Марокко.

Система технологии нулевой обработки почвы (ТНОП), с прямым высевом и регулировкой остатков урожая была представлена Национальным Институтом Агрономических Исследований (НИАИ) в городе Сеттат, Марокко. Специальная сеялка прямого высева была разработана одновременно для высева семян и внесения удобрения однолетних культур: сеялка срезает остатки, открывает 20 см широкий слот, который после падения семян и удобрение Азот/Фосфор прочно закрывается, так чтобы семя соприкасалось с грунтом. Посев происходит раньше чем по сравнению с традиционным методом – который требует подготовки посадочного ложа. Расстояние между рядами регулируется в зависимости от культуры: 20 см для пшеницы и ячменя; 40 см для чечевицы и нут. Глубина обработки почвы составляет 5-12 см, в зависимости от обработки почвы – способности и содержания влаги.

Культуры посеянные в севообороте с периодом залежи, - ячмень, пшеница, бобовые, (чечевица и нут) а также для кормовых видов. Внесение специальных гербицидов заменяет обработку почвы для борьбы с сорняками позволяя фермерам иметь период пара 18 месяцев (химическая пауза) после того как 2 культуры перешли в 6 месяцев. Период пара является важным для сохранения влаги в сухих почвах. ТНОП уменьшает проходы с тяжелыми оборудованиями до 3 раз в год. Регулировка остатков включает в себя поддерживание почвы в частично покрытой стерней и соломой. В целом, урожайность высокий и расходы понижены по сравнению с традиционным посевом. ТНОП снижает эрозию почвы и уплотнение почвы одновременно сохраняя влагу почвы. Оптимальное использование скудных и малых осадков для стабилизации/увеличения урожайности является важным в подобных участках.

Использование специализированной сеялки прямого высева предоставляет оба минимальный обработку почвы и точное внесение фосфат удобрения под семена. В зависимости от конкретных участков, управление остатками корректируется с учетом низкого уровня остатков (стержня/контролируемый пастбищный скот) до средне-плоскостного покрытия (уход за стерней/нарезкой), кормовые культуры и исключение пастбищ. Подавление эрозии и испарения контроль является основными воздействиями системы: сток и концентрированный поток в водоразделы сокращаются. Химикаты применяются для борьбы с сорняками, но для этого учитывается окружающая среда, и со временем она уменьшается. Управление остатками культур на полях увеличивает органическое вещество почвы и в связи с этим количество углеродов повышается также как и уровень питательных веществ. Поэтому применение неорганических удобрений можно уменьшить.

Период вегетации: 180 дней (Ноябрь-Апрель)
Плодородие почвы: никое
Структура почвы: мелкое (глина), частично среднее (суглинок)
Поверхностная каменистость: в основном не рыхлый камень, частично обильный рыхлый камень
Органические вещества: низкое частично среднее
Дренаж почвы: в основном слабое, частично хорошее
Эродированность почвы: в основном высокое, частично среднее



Технический рисунок

Схематический вид специалы подготовленной сеялки нулевого высева который одновременно сеит семена и вносит удобрение.

Ключевые компоненты:

1 диск/открыватель
2 мотыга
3 трубка удобрения
4 трубка для семян
5 регулятор глубины семян
6 колесо плотнитель

КЛАССИФИКАЦИЯ

Трудности в использовании полей

Обычная обработка почвы часто не подходят, приводящая к некоторым трудностям: дисковые плуги делают почву более уязвимой к эрозии, испарению, потере органических веществ и питательных веществ (из-за инверсии почвы) и, таким образом, снижают плодородие почвы. Кроме того, подготовка почвы часто происходит тогда, когда почва слишком сухая или слишком влажная. Почвы в этом районе имеют слабую структуру из-за низкого содержания органического вещества и, таким образом, подвержены уплотнению. Затраты энергии на обычную обработку значительно выше, чем на ТНОП.

Влияние технологии

Производство и социально экономические выгоды
- + + + увеличение урожайности 1т/га (пшеница)
- + + + увеличение производства корма
- + + + Увеличение дохода от СХ
- + + Меньше работы и энергии

Социально культурные выгоды
- + + усиление национального института
- + + улучшение знание о ТНОП/эрозии

Экологические выгоды
- + + + улучшение почвы (остатки, ранний посев)
- + + + увеличение влаги в почве
- + + + улучшение плодородия почвы
- + + + меньше потерии поверхности почвы
- + + + увеличение органических веществ в почве
- + + усиление биоразнообразия

Другие полезности
- + + + гибкие ценности: посев не зависит от наступления дождя
- + + + своевременность
- + + затраты: меньше вмешательства тракторов на полях

Другие полезности:
- + + + востановленное заиливание
- + + + восстановленные отложения
- + + + снижение эрозии ветра: улучшение качества воздуха
- + + + дополнительное улавливанеи углерода
- + + снижение риска наводнения
- + + увеличение стока в сухой сезон

Влияние технологии

Недостатки в производстве и социальном экономии
- − − изначальная инвестиция для сеялки/трактора
- − увеличение ограничений на продукции
- − увеличение экономической неравности

Социально культурные недостатки
- − − выпас стерни соседей может выхвать социальный конфликт

Экологические недостатки
- − внесение гербицидов: устойчивость/перенос гербицидов

Другие недостатки
- − − нужны навыки и тех знание:
новая система управления культурами/почвой,

Материал подготовлен со стороны сотрудников Общественного Фонда «Жалал-Абадская Сельская Консультационная Служба» (ОФ СКС ЖА) по проекту проекта «Создание устойчивой системы возделывания пшеницы и ячменя на богарных землях Сузакского района Жалал-Абадской области» в рамках программы «Комплексное развитие регионов», финансируемой Европейским союзом и Федеральным министерством экономического сотрудничества и развития Германии (BMZ).

(Продолжение следует в слудующем номере).

Белес гезити
Гезиттин ээси: Жалал-Абад регионалдык Айылдык консультациялык кызматы
Башкы редактор: Б.АСАНБЕКОВ
Редактор: Н.МУСАЕВ
Жасалгалаган: Айжамал Махмуд кызы
Күбөлүк № 000630
Нускасы 3300
Гезит 2000-жылдан бери чыгат
Биздин дарек: Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү 10, тел:(03722) 5-09-11, факс: 5-01-56, www.rasja.kg E-mail: rasja@rasja.kg
Гезит Жалал-Абад АККнын компьютеринде терилип жана жасалгаланды. “ММКны колдоо боюнча борбор” фондунун басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Горький көчөсү, 1-б. Буюртма № 501.